**«БЕКИТЕМИН»**
**Кыргыз–Түрк “Манас”**
**университетинин проректору**

**PHD., доцент К.Кармышаков**
« 06 » июнь 2024 ж.

**Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме болгон Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин педагогика кафедрасынын**

**П И К И Р И**

1. **Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.**

Кыргыз коомунда жаш муундарды социалдык, рухий жана физикалык өнүгүүнүн биримдигинде тарбиялоо артыкчылыктуу милдеттердин бири болуп келген. Мындай баалулуктардын системасында мектеп окуучусунун экологиялык компетенттүүлүгү өзгөчө орунду ээлейт. Анын актуалдуулугу жаратылышка кысым күчөп, анын ресурстары азайып, айлана-чөйрөгө өгөй мамилелер күчөп бара жаткан азыркы шарттарда өзгөчө артып бара жатат. Бул көйгөй Кыргыз Республикасы тарабынан өкмөттүк деңгээлде кабыл алынган бир катар документтерде таасын белгиленген. Маселе аларды ыраатуу уюштуруу жана жүзөгө ашыруунун илимий методикалык негиздерин аныктоо, тактоодо турат.
Мына ушул аспектиден алып караганда изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин диссертациялык изилдөөсүнүн темасынын **актуалдуулугу** эч кандай шек жаратпайт. Аталган илимий иш азыркы учур үчүн өтө зарыл, мезгил талабына шайкеш, олуттуу проблеманы чечүүгө арналганын тастыктоого болот

Изденүүчү өз изилдөөсүнүн актуалдуулугун статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун моделин, шарттарын, дидактикалык каражаттарын иштеп чыгуунун зарылдыгын педагогикалык практиканын актуалдуу милдеттеринин контекстинде ынанымдуу негиздей алган. Изилдөө зарылдыгын жараткан карама-каршылыктар жана проблема айкындалган. Буга байланыштуу кыргыз педагогикасындагы темага тиешелүү илимий-педагогикалык адабияттарга

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 90 «10» 06 2024 ж/г

илимий баа берилген. Адабияттарды талдоо теманын изилдениш абалын аныктоого мүмкүнчүлүк берген.

**Диссертациянын түзүлүшү** коюлган максатка жана милдеттерге дал келип, алардын ырааттуу удаалаштыкта чечилиши көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, изилдөөнүн негизги тыянактарынан, корутундудан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттын жана иликтөөнүн милдеттеринин жүзөгө ашырылышын толук камсыздайт.

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, изденүүчүнүн жекече салымы, коргого алынып чыгуучу жоболор, изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы, илимий иштин түзүлүшү жана көлөмү келтирилген.

**“Статустук мектептин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздери”** –деп аталган биринчи бапта изилдөөнүн жалпы теориялык базасы жана изилдениш абалы талдоого алынган. Атап айтканда автор тарабынан азыркы глобалдык жана локалдык экологиялык кризистер (13-16 б.б.), мектептик билим берүү системасындагы негизги жана табийгый билим берүү чөйрөсүндөгү компетенттүүлүктөр (16-26 б.б.), статустук мектептин окуучуларынын экологиялык маданияттын калыптандыруунун өзгөчө милдеттери каралган. Автордун оюу боюнча статустук мектептер – заманбап билим берүүдөгү жаңы технологиялар менен жабдылган, билим алуу кошумча программалар менен спорттук, илимий, долбоорулук ж.б. ишке ашкан, тажрыйбасы жогору окутуучулар менен касыздалган мектептер. (27 -б.б.). Диссертацияда статустук мектептердин окуучуларына экологиялык билим берүүнүн максаты, мазмуну, абалы жана проблемалары өзүнчө талдоого алынган. ( 28- 43- б.б.). Ошону менен бирдикте биринчи главанын алкагында “Статустук мектептерде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун уюштуруу формалары жана методдору” деген аталыштагы маселелердин каралышын изилдөөнүн логикасына, структурасына коошпой турган жагдай катары белгилөөгө болот. (45-69 б.б.)

Диссертациялык изилдөөнүн **“Изилдөөнүн материалдары жана методдору”** аттуу экинчи главасында аталган маселени изилдөөнүн обьекти, предмети такталып, методологиялык прициптери, методдору, модели айкындалган. Автор тарабынан изилдөөнүн *объектиси* – статустук мектептерде билим берүү жана тарбиялоо процесси, ал эми изилдөөнүн *предмети* – статустук

мектептердин билим берүү процессинде жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо катары тризделген.

Теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжасында статустук мектептердин билим берүү процессинде жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун төмөнкүдөй педагогикалык шарттары аныкталган: экологиялык иштерге окуучуларды активдүү тарткан жана алардын экологиялык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө таасирин тийгизген интерактивдүү методдорду колдонуу; экологиялык билимдерди башка предметтерге же сабактарга киргизүү менен окуучуларга адам менен жаратылыштын өз окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн жаратылышты коргоо уюмдары жана адистер менен кызматташуу; ачыктык жана инновация: заманбап педагогикалык технологияларды, маалыматтык-коммуникациялык каражаттарды колдонуу, окуучулардын экологияны үйрөнүүгө активдүү катышуусу жана көңүлүн буруу. Аныкталаган шартар жалпысынан стандарттуу иш чаралардын алкагын камтып, окуу трабия процессин радикалдуу өзгөртүүгө багытталган эмес. (80-93 б.б.) Ошону менен бирдикте алардын ирети окуу тарбия ишинин логикасына ылайык тариздселсе жакшы болмок деп ойлойбуз. Анткени, баары мазмунду өнүктүрүүдөн башталышы зарыл. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун модели бул педагогикалык процесске таандык бардык компоненттерди камтыйт. (93-105 б.б.)

**Үчүнчү бап "Статустук мектептин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин натыйжалары"** деп аталып, изилдөөдө сунушталган педагогикалык шарттардын илимий-практикалык негиздүүлүгүн текшерүү максатында жүргүзүлгөн тажрыйба иштери сыпатталат. (108-133)

2. **Изилдөөнүн натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

- статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздери системалаштырылган, «экологиялык компетенттүүлүк» окуучулардын инсандык көрсөткүчтөрүнүн бири катары катары аныкталган;
- статустук мектепттин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн түзүмдүк компоненттери (когнитивдик, мотивациялык, практикалык-ишмердик, эмоционалдык-эрктүүлүк), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана төмөнкү, ортоңку, жогорку деңгээлдери негизделип, айкындалган;
- статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттар, теориялык модель иштелип чыгып, натыйжалуулугу педагогогикалык экспериментте тастыкталган.

3. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

1- **натыйжа.** *Салыштырмалуу жаңы.* статустук мектептерде «экологиялык компетенттүүлүк» окуучулардын инсандык көрсөткүчтөрүнүн бири катары илим чөйрөсүндөгү салттык билимдердин чегинде аныкталган;

2- **натыйжа.** *Жаңы.* Статустук мектепттин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн түзүмдүк компоненттери (когнитивдик, мотивациялык, практикалык-ишмердик, эмоционалдык-эрктүүлүк), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана төмөнкү, ортоңку, жогорку деңгээлдери автор тарбынан негизделип, айкындалган.

3- **натыйжа.** *Жаңы.* Анткени, статустук мектепттин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн калпытандыруунун педагогикалык шарттарын, теориялык моделин, анын ишке киргизүүнүн натыйжаларын жаңы билимдер катары сыпаттоого болот.

5. **Изилдөөнүн практикалык мааниси:**

Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун моделин иштеп чыгууда жана илимий жактан негиздөөдө; жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун технологиясын программалык-методикалык жактан камсыз кылууда турат.

6. **Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар мектептерде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу

маселелеринин көп кырдуу аспекттерин илимий жактан таанууда жана аларды ишке ашырууда өз ордун таба алат. Алынган натыйжалар белгилүү өлчөмдө ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар илимий теориялык жоболорго жана эксперименттик тажрыйба иштеринин натыйжаларына негизделген.

Диссертация белгиленген проблема боюнча жана бир катар жаңы илимий таанымдык натыйжаларды камтыйт. Бул изденүүчүнүн окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоонун теория жана практикасына кошкон салымын аныктай алат.

7. **Негизги жоболор менен жыйынтыктардын жарыяланышы.**
   Диссертацияда алынган негизги жоболор, идеялар жана диссертациянын жыйынтыктары диссертанттын 11 илимий ишинде чагылдырылган. Изденүүчүнүн жарыяланган эмгектери диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын толугу менен тастыктап турат.
8. **Диссертациянын мазмуну менен авторефераттын дал келүүсү.**
   Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин илимий изилдөөсүнүн автореферАты толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет жана анын негизги жоболорун чагылдырат.
9. **Диссертациянын түзүлүшү жана анын мазмунундагы мүчүлүштүктөр.**
   Изилдөөдө алынган негиздүү натыйжалар менен катар айрым мүчүлүштүктөр да кездешет:

1. Диссертациядагы базалык түшүнүктөрдүн бири статустук мектептер. Буга байланыштуу жумушта бул мектептердин өзгөчөлүктөрү ар тараптуу маалыматтардын негизинде талдоого алынса изилдөөнүн таанымдык баалуулугу дагы артмак эле. Азыркы абалында статустук мектептердин миссиясы, өнүгүш эволюциясы, билим берүү концепциялары, окуу план программаларындагы бөтөнчөлүктөр тууралуу маалыматтар толук жетишпей жаткандай таасир калтырат.
2. Диссертациянын предметинин тагыраак аныкталбагандыгы белгилүү өлчөмдө анын изилдөөнүн фактологиясындагы так эместиктердин орун алышына негиз болгон. Биздин пикирибизде статустук мектептердин билим берүү процесси экологиялык компетенттүүлүктү өнүктүрүү контекстинен алып караганда өтө эле кеңири түшүнүк. Экологиялык компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө гуманитардык жана табийгый билим чөйрөсүндөгү окуу предметтеринин баары тасир этет. Буга байланыштуу диссертацияда конкреттүү билим берүү тармагында таандык окуу иш чараларын камтыган

жандуу фактылар өтө жупуну. Айрым иш чаралардын кайсы окуу предметтеринин алкагында жүзөгө ашканы такталган эмес.

3. Диссертант тарабынан изилдөөнүн методдор бөлүмүнүн текстин тариздөөдө белгилүү формалдуулукка жол берилген. Тактап айтканда изилдөө методдорун жана инструменттерин тандап алуу жана өнүктүрүү тууралуу жетишээрлик маалымат берилген эмес. Теориялык негиздемелер, эксперименталдык локалдык жана жалпы натыйжаларды өлчөө жана баалоодо, кандай анкеталар, шкалалар, тесттер колдонулганы алар кандай математикалык статистикалык инструментарийлер аркылуу эсептелгени тууралуу маалыматтар так эмес. Калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктары алдын ала айкындалган *төмөн, орто, жогору* деген деңгээлдер менен аныталган эмес. Эксперименталдык группанын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн айрым көрсөткүчтөр боюнча олуттуу айрымачылыктар болгонунун себептери толук ачыкталган эмес.
4. Жумушта айрым логикалык кайталоолор, терминологиялык чаташуулар, стилдик мүчүлүштүктөр арбын учурайт.

**10.** Изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсү КР УАКы тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет, ал эми изденүүчүгө 13.00.01 –жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга болот деп эсептейбиз.

Расмий пикир Кыргыз – Түрк "Манас"университетинин педагогика кафедрасынын отурумунда башка бөлүмдөрдүн окутуучулары менен бирдикте (6 –июнь 2024 -ж., №8 токтому) талкууланып бекитилген.

**Кыргыз – Түрк "Манас" университетинин**
**доценти, педагогика илимдеринин**
**кандидаты** **Карыбекова Н.М.**

**Кыргыз—Түрк “Манас”**
**университетинин педагогика кафедрасынын**
**№ 6 отурумунун протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

**2024 жылдын 6 -июнундагы №8 протоколу**

**Катышкандар:**
Алимбеков А – п.ид., профессор (13. 00. 01 –жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы).
Чалданбаева А. К. - п.и. д., профессор (13. 00. 01 –жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы).
Карыбекова Н.М. -п.и.к ., доцент (13. 00. 01 –жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы).
Жанузаков К. п.и.к ., профессор (13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, ден соолукту чыңдоо жана адаптациялык дене тарбия.)
Кожогелдиева К. М. - к.п.н., доцент (13. 00. 01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы).
Таирова-К. - к.п.н., доцент (13. 00. 01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы).
Бообекова К. К. PHD., ага окутуучу

**Күн тартиби:**

Жетектөөчү мекеме тарабынан Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

1. Отурумдун төрагасы – п.и.к. доцент Карыбекова Н.М. Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин **«Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу»** аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы түшкөнүн билдирди жана катышкандардан аткарылган жумуштун сапаты тууралуу ойлорун билдирүүсүн өтүндү.
2. П.и.д. профессор. Алимбеков А. – Диссертацияны темасы, проблемасы, коюлган максат, милдеттери жагынан жаңылык ташыган изилдөө катары кароого болот. Жумуштун тексти изилдөөнүн актуалдуулугунун шексиздигин илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай ала тургандыгын белгиледи.
3. П.и.к. профессор. Жанузаков К. Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжалары шексиз илимий жаңылыкка ээ жана теориялык жана практикалык мааниге ээ экендигин белгиледи.
4. П.и.к. доцент. Кожогелдиева К. – диссертацияны талдоо анын толуктугу, структуралык жана логикалык айкындыгы, изилдөөнүн эмпирикалык жана теориялык аспектилеринин тыгыз байланышы жөнүндө жыйынтык чыгарууга

мүмкүндүк берээрин белгиледи. Бул жагдайлар диссертация Кыргыз Республикасындагы кандидаттык диссертацияларга “Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун” талаптарына жооп берет деп ырастоого негиз берет.

**Талкуунун** жыйынтыгында кафедранын отуруму **токтом кылат**:

1. Жетектөөчү мекеме Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациясын колдоо менен ага 13.00.01 –жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга болот деп эсептейт.
2. Диссертациянын мазмунундагы жана аларды тариздөөгө байланыштуу мүчүлүштүктөр жетектөөчү мекеменин расмий пикиринде көрсөтүлсүн.

**Кыргыз – Түрк “Манас” университетинин**
**доценти, педагогика илимдеринин**
**кандидаты** **Карыбекова Н.М.**
**Отурумдун катчысы** **Жумгалбеков А.**